***Омуралиева Д.К., Нуралиева Н.М.***

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ЭКОНО МИКАЛЫК ӨСҮҮСҮНӨ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

УДК:333-8

***Аннотация:*** *Бул макалада айыл чарбасындагы экономикалык өсүүгө катар таасир этүүчү факторлор камтылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *эмгек, жер, капитал, ишкердик жөндөмдүүлүктөр.*

Экономикалык адабияттарда өндүрүштүн үч фактору теориясы кеңири таралуу алган. Өндүрүштүк факторлорду соңку түшүндүрмөлөө кыйла терең чечмелөөгө ээ болгон. Аларга төмөнкүлөр киришет:

1. **эмгек**, б.а. эмгек ресурстарынын саны менен сапаты;
2. **жер**, б.а. табигый жер ресурстарынын: пайдалуу кендердин, мунайдын, газдын, алтындын корлорунун ж.б. саны менен сапаты;
3. **капитал** жана негизги фонддор алардын илимий-техникалык прогресс камсыздаган технологиялык деңгээлин эсепке алуу менен;
4. **ишкердик жөндөмдүүлүктөр** – ишкерлердин чарбалык ишмердүүлүгү.

*Өндүрүштүн факторлору* – алар экономикалык ресурстар да болот. Өндүрүш факторлору өз ара күчтүү байланышкан, чырмалышкан. Мисалы, эгерде заманбап жабдуулар менен материалдар акылдуу жана жөндөмдүү ишкердин жетекчилиги астында колдонулса, эмгек ресурстары сарамжалдуу жана жогору өндүрүмдүү пайдаланылат. Ошондуктан экономикалык өсүүнүн ал же бул факторунун үлүштүк салмагын так аныктоо жетишерлик татаал. Анан калса, бардык ушул ири факторлор комплекстүү болуп саналат да, алар кыйла майда элементтерден турушат.

Түрдүү факторлор өндүрүмдүн түрдүү үлүштөрүн жаратат. Болжол менен, өндүрүмдүн 2/1 бөлүгү эмгекке жана ¼ бөлүгү капиталга гана туура келет ж.б.у.с.

Ошентип, өндүрүштүн өсүү факторлору төмөнкүлөр болуп саналат: 1) жер ресурстарынын саны менен сапаты; 2) эмгек ресурстарынын саны менен сапаты; 3) негизги капиталдын көлөмү; 4) технология.

Экономикалык өсүү экономиканын өсүүгө физикалык жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү факторлор менен аныкталат. Бул факторлорду сунуш

факторлору аталышы менен бир тайпага бириктиришет, аларга төмөнкүлөр киришет:

- эмгек ресурстарынын саны менен сапаты: билим менен кесиптик даярдык эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүүсүнө түрткү болот да, натыйжада кыйла жогору маянага ээ болу мүмкүндүгүн берет. Бул фактор баарыдан мурда, АӨКнде иштегендердин саны менен аныкталат. Бирок, жумушчулардын бир бөлүгү жумушсуз болуп саналат, б.а. иштөөнү каалашат, бирок жумуш таба алышпайт.

Бирок, эмгек сарптоолорун жумуштуулардын саны менен өлчөө иштин чыныгы абалын толук өлчөмдө чагылтпайт. Эмгек сарптоолорун көбүрөөк так өлчөгүч жумуш убактысынын суммардык сарптоолорун эсепке алууга жол берүүчү иштелген адам-сааттардын саны көрсөткүчү болуп саналат. Жумуш убактысын сарптоолордун көбөйүүсү бир катар факторлордон көз каранды болот: калктын өсүү темптеринен, иштөөнү каалоодон, жумушсуздук деңгээлинен жана пенсиялык камсыздоо деңгээлинен ж.б.у.с. Бардык факторлор мезгил ичинде жана региондор боюнча өзгөрүп, экономикалык өнүгүүнүн темптери менен деңгээлдеринде баштапкы айырмаларды түзүшөт.

Сандык факторлор менен катар жумушчу күчүнүн сапаты, жана буга ылайык, өндүрүш жараянында эмгекти сарптоолор маанилүү роль ойнойт. Жумушчулардын билим менен квалификациясынын өсүп баратышына жараша эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулоосу болуп өтөт, бул экономикалык өсүүнүн деңгээли менен темптеринин жогорулоосуна түрткү болот. Башкача айтканда, эмгекти сарптоолор жумуш убактысын кандайдыр бир көбөйтүүсүз, жумушчу күчүнүн сапатынын жогорулоосунун эсебинен гана кеңейе алат. Ошондуктан адамдык капиталга инвестициялар – эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү каражаты. Жумушчу күчүнүн сапатынын эң жөнөкөй көрсөткүчү билим деңгээли болуп саналат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүү туруктуулугуна интенсификациянын түзүүчүлөрүн жана экономикалык шаймандарды колдонуу менен табияттык шарттар зор таасир көрсөтүшөт. Айыл чарбасында кайра өндүрүү жараяны табияттык шарттар менен тыгыз жуурулушат. Өндүрүш каражаттары катары бул жерде **жандуу организмдер – өсүмдүктөр менен жаныбарлар чыгышат.**

Эгер өнөр жай ишканаларында өндүрүш, эреже катары, механикалык, физикалык жана химиялык жараяндардын негизинде жүзөгө ашырылса, анда айыл чарба өндүрүшүнүн негизинде табияттык чөйрөдөн чоң өлчөмдө көз каранды болгон биологиялык жараяндар жатышат, ал эми механикалык, физикалык жана химиялык жараяндар негизинен өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоо ишмердүүлүгү үчүн жагымдуу шарттар менен өбөлгөлөрдү камсыздоонун шайманы катары колдонулат.

Туруктуулукту калыптандырууну аныктоочу эң маанилүү табияттык фактор жер ресурстары болуп саналат. Жердин сапатындагы, топурактын түшүмдүүлүгүндөгү, аларда азык болуучу заттардын камтылышындагы айырмалар айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарынын түзүмдөрүн тандоого, алардын өнүмдүүлүгүнө, аларды өндүрүүнүн экономикалык көрсөткүчтөрүнө маанилүү түрдө таасир этишет. Жер ээликтери жердин сапаты менен гана эмес, жердин рельефи менен да айырмаланышат. Рельеф эрозиялык жараяндардын өнүгүүсүнө таасир кылат, мелиорациялык иш-чараларды жүргүзүү, калктуу пункттарды, жол тармактарын куруу мүмкүндүктөрүн аныктайт. Жердин рельефинен тышкары дыйканчылык тармактарын жүргүзүүгө жер аймагынын конфигурациясы, анын мелиорациялык абалы, жылуулук-, жарык- жана суу менен камсыздалгандыгы маанилүү таасир көрсөтөт. Айыл чарбасында эң чоң таасирди табияттык шарттар көрсөтүшөт, алар жер иштетүү тутумдарын түптөөгө таасир кылышат, анткени иш жүзүндө бардык айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү (жабык кыртыштан тышкары) белгилүү бир ареалдардын чектеринде жүзөгө ашырылат.

Демек, табияттык шарттар агротехникалык, зоотехникалык жана уюштурууучулук иш-чаралар тутумун алдын-ала аныкташып, айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүүсүнө маанилүү түрдө таасир кылышарын айтууга болот.

Табияттык шарттар факторлор катары салыштырмалуу туруктуу болуп саналат. Муну менен бирге, алар бир жолу биротоло катып калган нерсе болуп саналбайт. Табияттык шарттар белгилүү даражада өзгөрүүлөргө дуушарланат, бул өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан. Мындан маанилүү методологиялык тыянак келип чыгат, өндүрүштүн ыгына, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээлине, табияттык шарттарга жараша айыл чарбасында табияттык факторлор илимий-техникалык прогресстин өнүгүүсүн эске алуу менен колдонула алат.

Айыл чарбасында негизги капитал төмөнкүлөрдү ичине алат: өндүрүштүк имаратты, технологиялык каражаттар менен жабдууну, өнүмдүү малды ж.б. Демек, алар өндүрүштүн факторлору болуп саналат, ошондуктан машиналардын чоң саны менен, жаныбарлардын сапаттуу башы менен куралданган жумушчулар товарларды көп өндүрүшөт.

Капиталды сарптоолор топтолгон капиталдын чоңдугунан көз каранды. Өз кезегинде, капиталды топтоо топтоо ченемдеринен көз каранды, капиталдык салымдардын өлчөмдөрү ошончолук көп (башка бирдей шарттарда).

Дал ошол бир жумушчуга туура келүүчү негизги капиталдын көлөмү, эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасын аныктоочу чечүүчү фактор болуп саналат. Эгерде белгилүү бир мезгилде капиталдык салымдардын көлөмү өссө, ал эми жумушчу күчүнүн саны чоң даражада көбөйсө, анда

эмгектин өндүрүмдүүлүгү түшөт, анткени ар бир жумушчунун капитал менен куралдануусу кыскарат.

Негизги капиталдын деңгээлинен технологиянын деңгээли, техникалык прогресс көз каранды болот, алар айыл чарба өндүрүшүнүн таптакыр жаңы усулдарын жана өндүрүштү башкаруу менен уюштуруунун жаңы формаларын, жаңы маалыматтык технологияларды да туюнтушат. Техникалык прогресс деп берилген ресурстарды өндүрүмдүн түпкү чыгымын көбөйтүү максатында жаңыча комбинациялоого жол берүүчү жаңы билимдерди ачуу болжолдонот. Мында, эреже катары, жаңы, кыйла майнаптуу тармактар жаралат.

Ошентип, экономиканын агрардык секторунун майнаптуулугуна тышкы жана ички факторлор таасир кылат: чарба жүргүзүүнүн ар кыл формаларынын өнүгүүсү, уюштуруучулук-экономикалык механизмдин ролун бөлүү, технология байланыштыруучу башталма болуп саналган, аны өркүндөтүүнүн негизинде синергиялык майнап алынууга тийиш болгон факторлорду түзүмдөөнү эске алуу менен өндүрүштүк жараяндарды моделдөө; негизги өндүргүч күч катары адамдын жетектөөчү ролун ажыратуу, өндүрүштү жөнгө салуудагы башкаруунун ролун чыңдоо.

Бул факторлорду социалдык-экономикалык, уюштуруучулук, саясий жана укуктук деп топтоштурууга болот. Алар табигый байланышта турушат да, айыл чарба ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына илимий-техникалык прогресстин жана өндүрүш технологияларынын жетишкендиктерин өздөштүрүү аркылуу таасир кылышат.

Ресурстук факторлор айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүүсүнө төмөнкүлөрдүн эсебинен таасир этишет: жерди сарамжалдуу пайдалануу (топуракты иштетүү тутумун жана айдоо аянттарынын түзүлүшүн өркүндөтүү; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сорттору менен гибриддерин ылгоо ж.б.); материалдык-техникалык камсыздоо деңгээлин жогорулатуу; эмгек ресурстарын сарамжалдуу колдонуу; каржылык жана маалыматтык камсыздоо.

Социалдык-экономикалык факторлор божомолдоо менен пландоону, өзгөчө инвестицияларды, туура уюштуруу; экономикалык мамилелерди өркүндөтүү, мамлекеттик жөнгө салууну кошо; өндүрүштү кооперациялоо жана интеграциялоо жараянында экономикалык түрткү берүү; айылды социалдык өнүктүрүү; кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо аркылуу таасир кылышат.

Башкаруучулук факторлор социалдык-экономикалыктар менен чогуу бардык деңгээлдердеги уюштуруучулук-өндүрүштүк түзүлүш; башкаруу органдарынын кызматтарын аныктоо; ишканалардагы эмгекти уюштуруу;

ыкчам башкаруу жана көзөмөл; маалыматтык камсыздоо аркылуу таасир этишет.

Саясий жана укуктук факторлор тармакты өнүктүрүү боюнча чаралар комплекси менен агрардык саясатты иштеп чыгуу; тышкы экономикалык мамилелер; эл аралык абал; республиканын жана жергиликтүү бийлик органдарынын ченемдик актылары аркылуу таасир кылышат.

Демек, айыл чарба ишканаларынын өнүгүүсүнө өз ара байланышкан факторлордун бүтүндөй бир тутуму таасир кылат, алар өндүрүштүн элементтери, башка түзүмдөр жана институттар аркылуу берилген тармакты өнүктүрүүгө таасир этишет.

Экономикалык өсүүнүн өнүгүүсүнүн циклдүүлүгү

Экономикалык өсүү циклдүү өнүгүү менен мүнөздөлөт. Цикл өзүнө бир катар бири бирин алмаштыруучу фазаларды, анын ичинде кризисти, камтыйт.

Циклдин баштапкы фазасы кризис (төмөндөө, рецессия, грек сөзү – чегинүү) болуп саналат.

1. Кризистик фаза көбүнчө экономикадагы ашыра өндүрүүдөн кийин келет. Бул учурда өндүрүмдү өндүрүүнүн масштабдарынын кыскаруусу болуп өтөт, сатылбаган товарлардын кору, ишканалардын кудуретсиздикке тушугуусу көбөйөт, жумушсуздук арбыйт, эмгек акы кыскарат. Айыл чарбасында насыялык байланыштар бузулат, баалуу кагаздар базары бүлгүнгө учурайт, акциялар менен валюталардын курсу түшөт ж.б.у.с.

2. Депрессия фазасы (төмөндөө, басмырлануу) – бул учурда өндүрүштүк өндүрүмдүн төмөндөөсү токтойт. Сунуш менен өндүрүмдү өндүрүү суроо-талаптан озууну токтотот да, алардын ортосунда кандайдыр бир тең салмак орнойт. Акырындап топтоо жана жаңы техникалык жана технологиялык негизде кеңейтилген кайра өндүрүүнү кайра улантуу жүрөт.

3. Жандануу фазасы – өндүрүштүн кризис алдындагы деңгээлге чейин кеңейүүсү болуп өтөт. Сатып алуучулук суроо-талаптын жандануусу чакырган баалардын аз-маз жогорулоосу башталат. Жумушсуздуктун масштабдары кыскарат. Акчалай капиталга суроо-талап өсөт да, пайыздын чени көбөйөт.

4. Туу чоку фазасы (анлг. бум) – өндүрүмдү өндүрүү көбөйөт да, кризис алдындагы деңгээлден ашат. Жумушсуздук кескин кыскарат. Айыл чарбасынын өндүрүмдөрүнө суроо-талап менен баалар өсөт. Насыялык каражаттарга суроо-талап көбөйөт да, буга ылайык, банктык пайыздын ченеми өсөт.

**Адабияттар:**

1. Абдымаликов К.А. Экономика Кыргызстана. – Бишкек: 2010.

2. Балбаков М.Б., Усенов Э.К. Приоритетное развитие экономики Кыргызстана. – Бишкек: 2012.

3. Джаилов Дж.С. Развитие аграрного сектора в условиях реформирования. – Бишкек: ЦЭи СР при МФ КР, 2002.

4. Джумалиева Э.Б. Агробизнес: механизм формирования и развития. – Бишкек: Алтын Тамга, 2004.

5. Омуралиева Д.К. Проблемы развития рыночных аграрных формирований. – Бишкек: 2003.

***<u>Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.А.</u>***